# XIV–XV КЫЛЫМДАРДАГЫ ТЕНИР–ТОО ТАРЫХНААМАСЫНАН

**А. КЫЛЫЧЕВ**

Азыркы мезгил кыргыз элинин жана Кыргызстан аймагына коңшулаш жана чектеш түрк тилдүү элдеринин тарыхын изилдеп–иликтөөдө окумуштуу тарыхчыларыбыздын алдына болуп көрбөгөндөй жооптуу милдетти артууда. Мурунку учурда же башкача айтканда Совет доорунда жалпы тарых илими тоталитардык идеология талап кылган, өтө бир тар чөйрөдө гана алакалаш болуп келсе, азыркы кезде элибиздин тарыхын жана маданиятын үйрөнүү, ошондой эле жалпы Борбордук Азияны[1] мекендеген элдердин көчмөн жана отурукташкан цивилизацияларынын өз ара ширелешкен уникалдуу көрүнүштөрүн изилдеп–иликтөө маселеси тарых илиминде маанилүү алдыңкы орун–дарга чыгууда.

Кыргыздар Борбордук Азиядагы интеллектуалдык, рухий көрөңгөсү бай, байыркы жана тамыры тереңге кеткен элдердин бири болуп саналат. Ошондуктан азыркы мезгилде кыргыз элинин жеткиликтүү түрдө каралбай келген тарыхын комплекстүү түрдө изилдеп, дүйнөлүк тарых илиминде татыктуу өз ордун ээлей турган улуттук тарыхтын жазылыш зарылчылыгы келип чыгууда. Кыргыз эли мекендеп келген Борбордук Азия аймагы бир кыйла мезгилдерге чейин дүйнөлүк цивилизациянын очокторунун бири болуп келген. Бул зор аймакта мезгил–мезгили менен көчмөн дөөлөттөр түзүлүп, мезгил–учуру келгенде алар да жок болуп, ордуна башка жаңы көчмөн мамлекеттер жаралып турган. Дал мына ушул Борбордук Азияда көчмөн уруулардын өзгөчө мааниге ээ болгон тарыхы жана маданияты жаралган. Көчмөн элдердин тарыхын изилдөө максатында ЮНЕСКОнун көмөгү жана багыттоосу менен "Борбордук Азиядагы көчмөн элдердин дүйнөлүк цивилизация тарыхындагы ролу" аттуу программанын иштелип чыгышы дагы бекеринен эмес. Бул цивилизацияга башка көчмөн уруулар менен бирге эле кыргыздар дагы кандайдыр бир деңгээлде өз салымын кошкондугу талашсыз.

---

[1] «Борбордук Азия» термини биз ЮНЕСКОнун атайын изилдөө программа–ларында пайдаланылгандай кеңири мааниде (Монголия, Тибет, Орто Азия, Казакстан, Афганистан, Пакистан мамлекеттери камтылган аймак үчүн) колдонуудабыз (Гафуров Б.Г., Мирошников Л.И. Изучение–С.3). Советтик доордогу кай бир саясий чөйрөлөрдө бул термин менен тек гана советтик Орто Азия жана Казакстан Республикаларынын аймактары чектелип берилип келген. Мындай жаңылыштыктарга жол бербөө максатында "Ички Азия" термини менен Чыгыш Түркстан, Монголия, Түндүк–Батыш Кытай аймактары белгиленүүдө. Мына ушул аймактар өткөн советтик таарыхнаамада "Борбордук Азия" аймагы катары кабыл алынган.

Кыргыз элинин келип чыгыш теги менен өзгөчө байланыштуу болгон Теңир–Тоо аймагы[2] XIV–XV кылымдарда олуттуу тарыхый окуялардын аренасына айланган. Моңгол–татар чапкынынан кийин түзүлгөн жаңы этносаясый кырдаал Теңир–Тоонун чордондук бөлүгүндө кыргыздарга башка түрк жана моңгол урууларынын жуурулушуусу менен коштолуп жүргөн, ал эми Теңир–Тоонун түштүк тарабында уйгурлардын, түндүк бөлүгүндө казактардын, батыш аймагында өзбек элдеринин келип чыгуусу үчүн өзөк болгон этностук жүрүш орун алган.

Кыргызстандын XIV–XV кылымдардагы тарыхы тарыхнаамада жеткиликтүү түрдө изилденбей келет. Мунун негизги себептерининин бири илимпоздордун баарынын тең эле тарыхый булактардын түп нускаларын иликтөөгө мүмкүнчүлүктөрүнүн жоктугу менен байла–ныштуу. Бул мезгилдин тарыхый окуялары жана жалпы тарыхый жараяны (процесси) фарсы, түрк, кытай жана башка чыгыш тилдериндеги тарыхый булактарда жазылган. Мындан сырткары, тарыхый булактардын кол жазмаларынын дүйнөнүн булуң–бурчуна тарап, чачылып кетиши дагы бул булактарды комплекстүү изилдөөнү татаалдаштырууда. Каралып жаткан доор, жалпыга маалым болгондой Чагатай улусу, Хайду мамлекети жана Моголстан тарыхы менен тыгыз байланышта. Бул мамлекеттердин түзүлүшү Орто Азия жана Казакстан элдеринин тарыхында маанилүү орунду ээлейт.

Мындан сырткары изилдөөгө алынып жаткан аймактын тарыхынын бир катар орчун маселелери дүйнөлүк тарыхнаамада академик В.В.Бартольд жана тарыхчы–чыгышпоз К.А. Пищулинанын[3], каралып жаткан аймакка тиешелүү эмгектеринде, ошондой эле орус окумуштуу–ларынын, мурдагы советтик илимпоздордун айрым макалаларында изилдөөгө алынып, жарыяланган.

Академик В.В. Бартольд "Очерк истории Семиречья" деген эмгегинде орто кылымдардагы чыгыш авторлорунун маалыматтарынын негизинде Чагатай улусундагы жана Хайду, Моголстан мамлекеттеринин саясый турмушун баяндаган. Анын кийинчерээк жазган "Туркестан в эпоху Монгольского нашествия", "Киргизы", "Улугбек и его время", "Отчет о поездке в Среднюю Азию с научной целью 1893–1894 гг.", "Двенадцать лекций по истории турецких народов Средней Азии" аттуу эмгектеринде жаңы жазма булактардан алынган маалыматтар илимге киргизилип, алардын негизинде кай бир саясый окуялар тактальп, кеңири баяндалган.

Чыгышпоз–тарыхчы К.А Пищулинанын "Юго–Восточный Казахстан в середине XIV в начале XVI веков" аттуу монографиясы түштүк–чыгыш Казакстандын тарыхына арналган илимий–изилдөө болуп саналат. Бул жерлер тарыхта түрк–монгол уруулары мекендеген Моголстандын борбордук аймактарынын бир бөлүгү экендиги белгилүү. Автор изилдөөсүндө Жети–Суу тарыхына жана Моголстан менен коңшу жайгашкан дубандарда болуп өткөн ар кандай окуяларды

---

[2] Теңир–Тоо (Тянь–Шань) тоо системасы–чыгыштан Кытай Эл Республикасынын Синьзянь–Уйгур автоном районунун түндүк–чыгышынан башталып, түштүк–чыгыш Казакстанды, бүтүндөй Кыргызстанды жана батыштан Өзбекстандын чыгыш булунун камтыган ири аймак болуп эсептелет.

[3] Пищулина К.А. Юго–Восточный Казахстан в середине XIV–начале XVI веков. А–Ата, 1977.

баяндайт. К.А. Пищулина чыгыш авторлорунун, анын ичинде Мухаммед Хайдардын жана Тимур тарыхнаамачыларынын жазып калтырган маалыматтарынын негизинде, түштүк–чыгыш Казакстандын саясый тарыхын Моголстан түзүлгөндөн баштап, 1508–жылы XIV–XV кк. Махмуд хан көз жумганга чейинки мезгилинен кабар берет. Автордун тарых илимине кошкон баа жеткис салымы, анын XIV–XV кылымдарга тиешелүү болгон Моголстан мамлекетинин ичиндеги чарбасы жана социалдык–экономикалык мамилелерин дыкаттык менен изилдеп, илимий талдоого алгандыгында. Белгилей кете турган нерсе каралып жаткан аймактагы жер ээлөөнүн мүнөзү, мамлекеттик–акимчилик түзүлүш сыяктуу кээ бир татаал маселелер мурда талдоого алынып изилденген эмес. К.А. Пищулина болсо Махмуд ибн Валинин маалыматына таянып, Чыгыш Түркестандын салык, мал чарбасы, жер иштетүү жана башка социалдык–экономикалык тарыхына тиешелүү болгон маселелерин изилдөөгө алган[4].

Окумуштуу–тарыхчы С.А. Азимжанова өзүнүн "К истории Ферганы второй половины XV в.»[5] аттуу эмгегинде Моголстандагы бийликти ээлөө үчүн Юнус хандын өз бир тууган иниси Эсен–Букага каршы жүргүзгөн күрөшү тууралуу баяндаган.

Белгилүү окумуштуу М.Е. Массондун нумизматикалык изилдөөлөрү–нүн ичинен каралып жаткан доорго тиешелүү болгон Ош кенчи тууралуу макаласын белгилей кетүү зарыл[6]. Бул макалада Чыгыш Ферганадагы акча–товар мамилелерин мүнөздөй турган маалыматтар берилген. Ал жерде табылган Ферганалык жез тыйындар жана Кашкар менен Чыгыш Туркестанда табылган тыйындардын окшоштугу бул аймактардын 1420–1460–жылдардагы экономикалык карым–катнаштарынан кабар берет. Автор Кашкарда чыгарылган тыйындар "Моголстан башкаруучулары же Чыгыш Түркестандагы дуулат эмирлери тарабынан чыгарылган" деген оюн айтат. Мындай нумизматтык табылгалар тарыхый изилдөөдө баалуу булак катары кызмат өтөөрү шексиз.

Хайду мамлекеттик бирикмеси тууралуу К.И. Петров өзүнүн эмгек–теринде кеңири токтолгон[7]. Чыңгыз–хандын бул урпагынын акимдик борбору Талас өрөөнүндө, Хайду хандын сөөгү коюлган жерде жайгашкан. К.И. Петров негизи жок эле Хайдунун ордо калаасы Минусин ойдунунда моңгол ханы Хубилайдын ээлигине кирген аймакта болгон деген пикирин айтат. Бул окумуштуунун чындыкка коошпогон ушул сыяктуу пикирлери бир кыйла учурайт. Маселен, кыргыздар Теңир–Тоо аймагына XIII–XV кылымдарда көчүп келишкен деген оюн айтат. өз учурунда Н.А. Аристов жана Г.Е. Грум–Гржимайло моңголдук доордо Энесайлык кыргыздардын Теңир–Тоого келиши жөнүндө так маалымат болбогондугун айтышып, К.И. Петровдун жогоруда айтылган пикирин тарыхый негизи жок деп четке кагышкан[8]. Бул окумуштуулардын айтылган көз караштары азыркы

---

[4] Пищулина К.А. «Бахр ал–асрар» Махмуд ибн Вали как источник. С.34–88.

[5] Азимжанова С.А. К истории Ферганы вт. полов. XV в. Ташкент, 1957.

[6] Массон М.Е. Клад медных монет XY века из Оша. С.110–124.

[7] Петров К.И. К истории движения киргизов на Тянь–Шань, Анын эле. Очерки феодальных отношений у киргизов.

[8] Грум–Грижимайло Г.Е. Западная Монголия и Урянханский край. С. 365.

мезгилге чейин өз күчүндө калууда. К.И. Петровдун жогоруда аталган тарыхый негизи жок жыйынтыгын кыргыздын белгилүү тарыхчы–чыгышпозу Ө.К. Караев өз макаласында сынга алуу менен бирге негизсиз корутунду экендигин далилдеген[9].

Мындан сырткары чыгаан илимпоз Ө.К. Караевдин каралып жаткан доорго арналган "Чагатайский улус. Государство Хайду. Моголстан" аттуу эмгеги тарыхыбыздагы айрым мүчүлүштүктөрдү толуктоодо чоң кызмат өтөйт[10].

Өзбекстандык белгилүү окумуштуу–чыгышпоз Б.А. Ахмедов "К изучению политической истории Киргизской ССР в XV в.[11]" аттуу макаласында фарсы тилдүү авторлорго тиешелүү болгон Абул–Хайр, Эсен–Бука жана Юнус–хандар бийлик кылган учурдагы Моголстан менен көчмөн казак–өзбектердин өз ара мамилелери тууралуу берилген маалыматтарды талдоого алып изилдеп чыккан.

Тарыхчы илимпоз В.П. Юдиндин эмгектеринде чыгыш авторлорунун Моголстан мамлекетиндеги отуз этностук аталыштар тууралуу маалыматтары чагылдырылып, чыгармада аты аталган этностордун казактарга жана кыргыздарга тиешелүү аталыштары такталып иргелип чыккан[12]. Бул маселе дагы эле болсо тереңирээк изилдөөнү талап кылат.

Окумуштуу–чыгышпоз О.Ф. Акимушкиндин макалаларында Моголстан хандарынын хронологиялары жана мамлекет ичиндеги кээ бир саясый окуялар XV кылымдын аягы XVI кылымдын башында Султан–Сайид хан тарабынан Могол мамлекетинин түзүлүш тарыхы жана кыргыздар менен казактардын душмандарына каршы биргелешип жүргүзгөн күрөшү каралган[13]. О.Ф. Акимушкиндин пикири боюнча Могол мамлекети Моголстан менен эч бир байланышы жок жаңы өз алдынча мамлекет катары каралат. Бирок, бул көз караш туура эмес болсо керек. Анткени, аларды бөлүп ажыратып турган туруктуу чек арасы болгон эмес. Экинчиден, Моголстан мамлекети түзүлгөндөн баштап эле Кашкар аймагы дуулат эмирлеринин ээликтеринин бири болуп саналган да, согуштук–саясий маселелерди талкуулап чечүүдө дагы биргелешип, кеңешип иш алып барышкан. Мунун себеби Моголстандагы улусбек (хандан кийинки расмий бийлик ээси, б.а. жогорку бек–А.К.) кызматын дуулат эмирлери ээлеп келишкен да, Кашкардын башкаруучусу эмир Абу Бекирдин бийлиги бул аймакта бекем болгон. Кийинчерээк Тогулук Тимурдун урпактарынын бири болгон Султан–Саид хан бийликсиз калып, Абу Бекирден Кашкарды күч менен тартып алган. Кыргыздар менен казактар бул учурда Жети–Суу жана Теңир–Тоо аймактарында өз алдынча ээлик түзүшүп, Моголстандын саясий турмушуна активдүү аралаша башташкан.

---

[9] Караев О.К. К вопросу о передвижении кыргызов на Тянь–Шань. С.100–107.
[10] Караев.О.К. Чагатайский улус. Государство Хайду. Моголстан.–Бишкек.1995.
[11] Ахмедов Б.А. К изучению политической истории Киргизской ССР в XV в. С.29–41.
[12] Юдин В.П. О родоплеменном составе могулов Могулистана и Могулии.
[13] Акимушкин О.Ф. Редкий источник по истории Могулии. Анын эле: Моголистан, моголы и киргизы.

Акырында, Турпан аймагын Моголстан хандарынын бири Султан—Саид хандын ата—бабалары башкарып келгендигин эсте тутуу зарыл[14].

Белгилүү окумуштуу Ш.Б. Чимитдоржиевдин моңголдор менен Орто Азия элдеринин өз ара мамилелерине арналган атайын эмгегинде ойрот—тордун Чыгыш Түркестанга кириши жана аны толук каратып алышы каралган[15].

Биз изилдеп жаткан доор үчүн, кыргыздар менен казактардын Жети—Суу жана борбордук Тенир—Тоонун бир бөлүгүн ээлөө максатында Чыгыш Түркестандагы жүргүзгөн күрөшү акыркы могол хандары Абдаллах жана анын мураскорлору учурунда болуп өткөн саясый окуялар өтө баалуу маалыматтардан болуп эсептелет. Автор кыргыздар жайгашкан жерлерге ойроттордун басып киришин баяндайт. Бирок, булактаануучулук базанын начардыгынан улам алардын XV—XVII кылымдардагы өз ара мамилелерин талдоого автордун мүмкүнчүлүгү жеткен эмес.

«Моголстан» мамлекети кыргыздар менен казактардын өз алдынча көз карандысыз ээликтеринин түзүлүшүнө байланыштуу жана ойроттор менен кожолордун мамлекет ишине эпсиз кийлигишүүсүнөн, ошондой эле өз ара болгон ыйкы—тыйкы келишпестиктер менен согуштардын натыйжасынан улам кулады деген Ш.Б. Чимитдоржиевдин пикирине толук кошулууга болот[16].

"Казак ССРинин тарыхында" Тоглук—Тимур—хан, Кызыр—Кожо—хан, Увайс хандарынын бийлиги учурундагы негизги саясий окуялар жана Тимурдун Жети—Сууга болгон жортуулдары, калмактардын казактарга басып кириши жана казак хандыгынын түзүлүшү баяндалган. Андан сырткары Могол хандары бийлиги учурундагы түштүк—чыгыш Казакстандын чарбасы, социалдык—экономикалык мамилелери толук каралган. Бирок, Жети—Суу тарыхына тиешелүү болгон бир катар маселелер Моголстан тарыхынан ажыратылып, үзүл—кесил берилип калган. Кээ бир учурларда Моголстан тарыхы Кыргызстан тарыхына айланып кеткен жерлери дагы кездешет. Алып көрсөк Жаныбек менен Гирейдин урууларынын Жети—Сууга көчүп келүүсүн токтотууга Эсен—бука хандын кудурети жеткен эмес деген жыйынтыгына кошулуу мүмкүн эмес. Бул учурда Моголстан ханынын бийлиги күч—кубатка толуп турган, ал эми Эсен—бука—хан казактар менен өзбектерди өзүнүн батыш чек арасын тимурийлердин жана Абу—л—Хайыр—хандын чабуулунан коргоо максатында ээлигине кошуп алгандыгы тарыхта жалпыга маалым[17].

Моголстан башкаруучулары менен ойроттордун узакка созулган күрөшү тарыхчы—илимпоз И.Я. Златкиндин[18] монографиясында кеңири баяндалган. Автор бул эмгегин жазууда кыйла жазма булактарды, өзгөчө моңгол тилиндеги, илимге жаңы киргизилген материалдарды пайдалан—

---

[14] Акимушкин О.Ф. К вопросу о внешнеполитических связях С.233—248; Анын эле: Моголистан, моголы и киргизы С.6—11; Анын эле: Хронология правителей С.156—164.

[15] Чимитдоржиев Ш.Б. Взаимоотношения Монголии и Средней Азии

[16] Чимитдоржиев Ш.Б. Взаимоотношения Монголии и Средней Азии С.9.

[17] Ошондо эле.

[18] История Казахской ССР С. 154—176.

ган. Анын маалыматтарына караганда ойроттордун Моголстан менен болгон алгачкы кагылышуусу XIV кылымдын аягында белгиленген. Ойрот башчылары Сыр–Дарыя жээктеринде талап–тоноочулук жор–туулдарды уюштурушуп, кайра өз мекендерине кетип турушкан. Алар Чыгыш Түркстан, Теңир–Тоо жана Жети–Сууну XVII кылымда гана ээлөөгө жетишкен[19]. "Кыргыз ССРинин тарыхында" кыска түрдө Хайду, Моголстан мамлекеттеринде жана Чагатай улусунда болуп өткөн бардык саясий окуялар баяндалган[20]. Бирок, анда дагы айрым маселелер бири–бири менен карама–каршы келип, кээ бир жерлери негизсиз эле жыйынтыкталып калган. Мисалга алсак, Тимур сарайына баш ийген хандардын схемасы негизсиз түрдө эле Моголстанга таандык болуп көрсөтүлө берген. Чындыгында эле Моголстандын акыркы башкаруучу–сунун учурунда, анын улусбектери мамлекет ичинде чоң мааниге ээ болушкан. Жалпыга белгилүү болгондой Моголстандын алгачкы ханы Тоглук–Тимур–хан мамлекеттин улусбеги эмир Пуладчы тарабынан 1348–жылы хандык такка олтургузулган. Ошентип, он сегиз жашар Тоглук–Тимур Моголстан мамлекетинин хандык бийлигине келген. Кийинчерээк бийлик талашуу үчүн болгон күрөштөрдүн биринде Тоглук–Тимурдун уулу жана мураскору Илйас–кожо–хан, эмир Камар–ад–Дин тарабынан өлтүрүлүп, хандык бийлик Камар ад–Дин тарабынан тартылып алынып, бир тууганы Шамс ад–Динге ыйгарылган. Бирок, бардык эле могол хандары бийликти өз колдоруна топтоп, коңшу аймактарга болгон жортуулдарды жеке өзүлөрү жетектеп тургандыктары маалым.

XIV–XV кылымдардагы кыргыз тарыхынын айрым окуяларын тактап, салыштырып, изилдөөдө фарсы жана түрк тилиндеги булактар–дан которулуп, жыйнак болуп түзүлгөн "Материалы по истории Туркмении и туркмен"[21] жана "Прошлое Казахстана в источниках и материалах" жана "Материалы по истории казахских ханств XV–XVIII веков" (Извлечение из персидских и тюркских сочинений) [22] аттуу тарыхый адабияттар дагы чоң мааниге ээ.

Кыргызстандын XIV–XV кылымдардагы тарыхын Чыгыш авторло–рунун маалыматтарынын негизинде изилдөөдө "Материалы по истории киргизов и Киргизии" жыйнагы жеңилдик берет[23]. Бирок бул жыйнакка бизди кызыктырган доорду чагылдырган тарыхый чыгармалардын аз гана бөлүгү киргизилип калган. Бул өксүк "Материалы по истории Средней и Центральной Азии X–XVIII вв.» жыйнагынын чыгышы менен толукталган[24]. Бул жыйнакка XIV–XV кылымдардан кабар бере турган фарсы тилиндеги авторлордун тарыхый чыгармаларынан үзүндүлөр которулуп, Орто Азия, Чыгыш Түркестан, анын ичинде Кыргызстан аймагында өткөн саясий ж.б. окуялар тууралуу маалыматтар дагы кирген.

---

[19] Златкин Н.Я. История джунгарского ханства С.26–27

[20] История Киргизской ССР С.384–406.

[21] Материалы по истории Туркмении и туркмен. Т.I. М.–Л., 1939.

[22] Прошлое Казахстана в источниках и материалах. Сб. I. Алма–Ата, 1935; Материалы по истории казахских ханств XV–XVIII веков (Извлечение из персидских и тюркских сочинений). Алма–Ата, 1969.

[23] Материалы по истории киргизов и Киргизии. –М., 1973. Вып. I.

[24] Материалы по истории Средней и Центральной Азии X–XVIII вв.– Ташкент, 1988.